Айдыңы арткан – "Алтынкен"

# «Алтынкен» компаниясы Кемин районунун балдарын куттуктады

Жыпара ЖЭЭНАЛИЕВА,
"Кыргыз Туусу"

**«Алтынкен» компаниясы 2025-жылдын 30-май жана 1-июнь Балдарды коргоонун эл аралык күнүнө карата кезектеги иш-чара өткөрдү.**

Башкармалыктын төрагасынын орун басары Марат Токтобаев Орловка шаарынын мэри Аман Койшыбаев менен бирге Орловкадагы «Нурмээайса» балдар реабилитациялык борборуна барышты. Меймандар балдарды майрамы менен куттукташып, аларга чың ден соолук, бейпилдик каалашты.

1-июнь күнү компаниянын өкүлдөрү Кемин районунун бардык муниципалитеттеринин өзгөчө балдары үчүн Кемин мамлекеттик администрациясы тарабынан уюштурулган майрамдык иш-чарага катышты.



Балдарга жана алардын ата-энелерине райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Кутпидин Шакиров куттуктоо сөзүн айтты. Ал өз сөзүндө «Алтынкен» компаниясы Кемин районунун калкынын социалдык аялуу катмары үчүн уюштурулган райондук иш-чараларга активдүү катышкандыгы үчүн өзгөчө ыраазычылык билдирди.

«Алтынкен» компаниясынын атынан компания өкүлдөрү да балдарды куттуктап, жардамга муктаж, ата-энесиз калган балдарга белектерди тапшырышты.

Ар бир балага бир кап ун (50 кг), 5 литр өсүмдүк майы, бир куту таттууларды жана шарлар берилди. Балдар кызыктуу мультфильм көрүп жаткан учурда таттуу балмуздак таратылды.

Компаниянын балдарды коргоо күнүнө карата райондогу балдардын чакан бөлүгүнө көңүл бурушу – балалык майрамдын кичинекей достору үчүн жагымдуу бул көз ирмемдер, жүрөгүндө калат деп ишенебиз.






# «Алтынкен» компаниясы Курман айтты кайрымдуулук акциясы менен белгиледи

**«Алтынкен» компаниясы Курман айт майрамынын алдында салтка айланган кайрымдуулук акциясын өткөрдү. Анда, Кемин районунун 50 аз камсыз болгон үй-бүлөсүнө жана турмуштук оор кырдаалга кабылган 20 кызматкерге жардам көрсөтүлдү.**




2025-жылдын 5-июнунда компаниянын Орловка шаарындагы кеңсесинин жанында компаниянын кызматкерлерине жана Орловка, Алмалуу жана Кызыл-Суу айылдарынын тургундарына гуманитардык жардам жеткирүү уюштурулган.

«Алтынкен» компаниясынын директорлор кеңешинин төрагасынын орун басарлары Чу Цюнде, Марат Токтобаев Орловка шаарынын мэри Аман Койшыбаев жана профсоюз комитетинин төрагасы чогулгандарды Курман айт майрамы менен куттукташты.

Чу Цюнде белгилегендей, ушундай эле майрам Кытайда да бар, анда баары муктаж болгондорго жардам бериши керек.

Ушул эле күнү компаниянын кызматкерлери райондун бардык муниципалитеттерине жардамдарды жеткиришти. Майрамдык боорсок жасоо үчүн ар бир үй-бүлөгө 50 кг ун жана 5 литрден өсүмдүк майы берилди.

Курман айт кайрымдуулук майрамы болгондуктан, «Алтынкен» компаниясынын жетекчилиги тарабынан Кемин районунун калкына ар тараптуу колдоо көрсөтүү боюнча жүргүзүлүп жаткан социалдык саясатка дал келет.

